УДК: 81'25
DOI 10.65996/topscience-2457/2026-1.1/107-116

Делдешова К. Д.
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
deldeshovak@gmail.com

АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ЖАКСЫЗ СҮЙЛӨМДӨРДҮН СТРУКТУРАЛЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУЛУШУ

Делдешова К. Д.
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
deldeshovak@gmail.com

СТРУКТУРНО-СЕМАНТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ БЕЗЛИЧНЫХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ В АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ И ИХ ПЕРЕВОД НА КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК

Deldeshova K. D.
master’s student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

STRUCTURAL AND SEMANTIC FEATURES OF IMPERSONAL SENTENCES IN ENGLISH AND THEIR TRANSLATION INTO KYRGYZ

Аннотация. Бул макала англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын кыргыз тилине которулуш механизмдерин талдоого арналат. Изилдөөнүн негизги максаты – англис тилинде кеңири колдонулган жаксыз конструкциялардын (it is…; there is/are…; passive voice; impersonal modal structures) семантикалык функцияларын аныктап, аларды кыргыз тилинде берүүнүн оптималдуу ыкмаларын көрсөтүү болуп саналат. Анализдин жүрүшүндө жаксыз сүйлөмдөрдүн объективдүүлүктү, жалпылоону, формалдуулукту жана маалыматтык нейтралдуулукту камсыз кылган коммуникативдик ролу белгиленди. Кыргыз тилине которууда көбүнчө этиштин 3-жак формалары, белгисиз аткаруучу менен түзүлгөн сүйлөмдөр, ошондой эле контекстке жараша активдүү сүйлөмдөргө өтүү сыяктуу трансформациялар колдонулат. Изилдөөнүн жыйынтыктары англис-кыргыз котормо практикасы үчүн, өзгөчө илимий жана расмий стилдеги тексттерди которууда маанилүү методикалык негиз болуп кызмат кылат.

Аннотация. В статье рассматриваются структурно-семантические особенности безличных предложений в английском языке и способы их перевода на кыргызский язык. Цель исследования заключается в выявлении наиболее

типичных моделей безличных конструкций (формальное подлежащее *it*, оборот *there is/are*, пассивные формы, модальные структуры) и определении переводческих приёмов, обеспечивающих адекватную передачу смысла в кыргызском языке. В ходе анализа установлено, что безличные предложения в английском языке выполняют функции объективизации высказывания, нейтрализации субъекта и усиления официальности текста. Перевод на кыргызский язык требует применения синтаксических трансформаций: перестройки структуры предложения, замены пассивных конструкций активными, использования форм неопределённого лица и контекстуальной адаптации. Практическая значимость исследования определяется возможностью применения результатов в переводческой практике, обучении переводу и при работе с научными и официальными текстами.

Abstract. This article examines the structural and semantic features of impersonal sentences in English and the ways they are translated into Kyrgyz. The aim of the research is to identify the most common patterns of impersonal constructions (the formal subject *it*, the existential structure *there is/are*, passive voice forms, and modal impersonal structures) and to determine translation techniques that ensure adequate meaning transfer in Kyrgyz. The analysis shows that impersonal sentences in English contribute to objectivity, subject neutralization, and a more formal tone, especially in academic and official discourse. Translating such constructions into Kyrgyz often requires syntactic transformations, including sentence restructuring, passive-to-active shifts, the use of indefinite-person forms, and context-based adaptation. The practical value of the research lies in its relevance to translation practice, translator training, and the translation of academic and official texts.

Негизги сөздөр: жаксыз сүйлөмдөр, структуралык-семантикалык талдоо, англис тили, кыргыз тили, котормо, котормо трансформациялары, пассивдүү түзүлүш, it-конструкциясы, there is/are түзүлүшү, контекст.

Ключевые слова: безличные предложения, структурно-семантический анализ, английский язык, кыргызский язык, перевод, переводческие трансформации, пассивный залог, конструкция *it*, конструкция *there is/are*, контекст.

Keywords: impersonal sentences, structural-semantic analysis, English language, Kyrgyz language, translation, translation transformations, passive voice, *it*-construction, *there is/are* structure, context.

Киришүү. Азыркы учурда англис тилинен кыргыз тилине котормо жүргүзүүдө синтаксистик өзгөчөлүктөргө байланышкан маселелер өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул көрүнүш дүйнөлүк коммуникациянын күчөшү, илимий маалыматтардын жана расмий документтердин англис тилинде кеңири таралышы, ошондой эле кыргыз тилиндеги академиялык жана иш кагаздар стилдеринин өнүгүшү менен шартталат. Котормонун сапаты бир гана лексикалык дал келүү менен чектелбестен, сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүн жана коммуникативдик-функционалдык багытын туура берүү менен

тыгыз байланыштуу. Ошондуктан англис тилиндеги структуралык моделдерди кыргыз тилинин нормаларына ылайыкташтыруу котормо теориясында да, практикалык котормодо да актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Алардын ичинен жаксыз сүйлөмдөрдүн (*impersonal sentences*) структуралык түзүлүшү жана семантикалык маанисин так аныктоо котормонун сапатына түздөн-түз таасир этет. Англис тилинде жаксыз сүйлөмдөр формалдуу баш мүчө катары it жана there сөздөрүн колдонуу аркылуу, ошондой эле пассивдүү конструкциялар аркылуу кеңири уюшулат [4, 9-б]. Мындай түзүлүштөр көбүнчө маалыматты объективдүү берүү, аткаруучуну атайылап көрсөтпөө, жалпылоо же расмий стилди сактоо сыяктуу коммуникативдик максаттарга кызмат кылат. Айрыкча илимий жана расмий дискурста жаксыз конструкциялар тексттин нейтралдуулугун, тактыгын жана стандарттуулугун камсыз кылган маанилүү тилдик каражат катары бааланат. Мында сүйлөмдүн башында турган формалдуу субъект (*it/there*) маалыматтык түзүлүштү тең салмактап, сүйлөмдүн логикалык өзөгүн акыркы бөлүгүндө күчөтүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз тилинде болсо жаксыздык маани көбүнчө сүйлөмдүн түзүлүшүндө аткаруучунун так көрсөтүлбөшү, 3-жак формаларынын үстөмдүгү, же контекст аркылуу субъекттин белгисиз бойдон калышы аркылуу берилет. Кыргыз тили структуралык жактан агглютинативдүү система болгондуктан, сүйлөмдүн мазмунунда негизги роль предикатка берилет жана көп учурда сүйлөмдүн “ким аткарды?” деген суроосунан мурда “эмне болду?” же “эмне аткарылды?” деген маалымат алдыга чыгат [1, 49-б]. Ошондуктан англис тилиндеги жаксыз жана пассивдүү конструкциялар кыргыз тилине түз, сөзмө-сөз которулганда грамматикалык жана стилистикалык табигыйлыгы бузулуп, сүйлөм жасалма же оор кабылданган формада көрүнүп калышы мүмкүн. Мындай учурда кыргыз тилинин ички мүмкүнчүлүктөрүнө таянып, жаксыздык маанини белгисиз жак формасы, пассив мүчөлөрү (-л/-н), жалпылоочу структуралар, же контекстке ылайык актив сүйлөмгө трансформациялоо аркылуу берүү котормо эквиваленттүүлүгүн сактоонун негизги жолу болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн колдонулуш шарттары жана алардын синтаксистик мүнөзү боюнча изилдөөлөрдө бул көрүнүш тилдин ички грамматикалык табияты менен байланыштуу экени белгиленет. Мындай сүйлөмдөр көбүнчө расмий баяндоодо, илимий стилде, маалыматтык билдирүүлөрдө жана коомдук дискурста кеңири колдонулат. Анткени жаксыз сүйлөмдөр аркылуу маалымат берүүдө агентти (аткаруучуну) нейтралдаштыруу, жалпылоо, ошондой эле сүйлөмдү объективдүү берүү мүмкүнчүлүгү кеңейет [7, 25-б].

Бул макаланын максаты – англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн негизги структуралык-семантикалык түрлөрүн аныктоо жана аларды кыргыз тилине которууда колдонулуучу негизги ыкмаларды жана трансформацияларды талдоо болуп саналат. Максатка ылайык төмөнкү милдеттер коюлат: англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн негизги моделдерин системалаштыруу; алардын коммуникативдик функцияларын аныктоо; кыргыз тилиндеги эквиваленттүү

берүү жолдорун көрсөтүү жана котормо учурунда пайда болгон синтаксистик өзгөрүүлөрдү талдоо. Учурдагы изилдөөлөр жаксыз сүйлөмдөрдү англис тилинен кыргыз тилине которууда синтаксистик жана семантикалык маанилердин туура берилүүсүн камсыз кылган ыкмалардын маанилүүлүгүн белгилешет жана бул тилдердин грамматикалык түзүлүштөрүнүн айырмачылыктарынын котормого тийгизген таасирин көрсөтөт.

Методдор жана методология

Бул изилдөө англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын кыргыз тилине которулуш ыкмаларын аныктоого багытталган. Изилдөөнүн методологиялык негизи функционалдык-семантикалык жана салыштырма-синтаксистик багыттардын теориялык жоболоруна, ошондой эле котормо лингвистикасынын негизги принциптерине таянат. Тактап айтканда, англис тилиндеги жаксыз конструкциялардын коммуникативдик функцияларын (объективдүүлүк, жалпылоо, формалдуулук, субъектти нейтралдаштыруу) чечмелөөдө функционалдык ыкма негизги роль ойнойт.

Изилдөөнүн материалы катары англис тилиндеги илимий жана расмий стилдеги тексттерден, маалыматтык макалалардан жана окуу куралдарынан тандалып алынган жаксыз сүйлөмдөр колдонулду. Ошондой эле салыштырма талдоо жүргүзүү үчүн бул конструкциялардын кыргыз тилиндеги котормо варианттары иштелип чыгып, контексттик шартта алардын семантикалык шайкештиги текшерилди.

Практикалык талдоодо төмөнкү ыкмалар колдонулду:

1. Сүрөттөө (дескриптивдик) ыкмасы – жаксыз сүйлөмдөрдүн структуралык моделдерин (it-конструкциясы, there is/are конструкциясы, пассивдүү формалар, модалдык жаксыз түзүлүштөр) классификациялоо үчүн;
2. Контексттик талдоо – жаксыз сүйлөмдөрдүн конкреттүү дискурстук чөйрөдө кандай маанини жана функцияны аткарарын аныктоо үчүн;
3. Салыштырма-синтаксистик талдоо – англис жана кыргыз тилдеринин синтаксистик түзүлүштөрүнүн айырмачылыктарын ачып көрсөтүү жана котормо учурунда пайда болгон трансформацияларды белгилөө үчүн;
4. Котормо трансформацияларын талдоо – англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн кыргыз тилине которулушунда колдонулган структуралык өзгөртүүлөрдү (транспозиция, модуляция, пассивден активге өтүү, белгисиз жак формасын колдонуу, контекстке ылайык адаптациялоо) аныктоо үчүн;
5. Функционалдык-семантикалык интерпретация – жаксыз түзүлүштөрдүн тилдик жана прагматикалык өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле кыргыз тилинде алардын эквиваленттик жолдорун негиздөө үчүн.

Жыйынтыгында колдонулган методдор англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн синтаксистик табиятын системдүү түрдө ачып берүүгө жана кыргыз тилине которууда алардын маанисин сактоо менен туура берүү стратегияларын аныктоого мүмкүндүк түздү. Изилдөөнүн методологиялык негиздемеси практикалык котормо иштеринде, окуу процессинде жана англис-

кыргыз салыштырма синтаксисин үйрөтүүдө колдонууга ылайык натыйжаларды берет.

Талкуу жана жыйынтык. *Англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн структуралык түрлөрү.* Англис тилинде жаксыз сүйлөмдөрдүн негизги белгилеринин бири – реалдуу субъекттин жоктугу жана сүйлөм структурасын сактоо үчүн формалдуу баш мүчөнүн колдонулушу [3, 460-б]. Алардын эң кеңири тараган түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

1. Формалдуу "it" менен түзүлгөн жаксыз сүйлөмдөр

Бул конструкцияда *it* субъект катары көрүнгөнү менен, чыныгы субъекттик маани бербейт. Мындай сүйлөмдөр аба ырайын, убакытты, абалды же жалпы баалоону билдирүүдө колдонулат:

It is cold.

It is important to study.

Которууда кыргыз тилинде көбүнчө атама-сүйлөм, жөнөкөй баяндоочу, же баалоочу сүйлөмдөр колдонулат:

t is cold. – Суук.

It is important to study. – Окуу маанилүү. / Окуш керек.

2. "There is/are" конструкциясы

Бул түзүлүш англис тилинде объекттин бар экенин билдирүү үчүн кызмат кылат:

There is a problem.

There are many students in the class.

Кыргыз тилине которууда көп учурда бар/жок, же сүйлөмдүн логикалык өзөгүн түзгөн сөздү алдыга чыгаруу ыкмасы колдонулат [6, 26-б]:

There is a problem. – Маселе бар.

There are many students in the class. – Класста көп студент бар.

3. Пассивдүү түзүлүштөр (Passive voice)

Англис тилинде пассивдүү конструкциялар расмий жана илимий стилде өтө активдүү колдонулат. Пассивдүү сүйлөмдөрдө аткаруучу көрсөтүлбөйт же экинчи планга өтөт [10, 181-б]. Бул көрүнүш көп учурда маалыматтын нейтралдуулугун жана объективдүүлүгүн камсыз кылат.

Мисалы:

The experiment was conducted in 2023.

The results were analyzed carefully.

Кыргыз тилине которууда төмөнкү варианттар колдонулат:

1. Пассивдүү маанини сактоо (*жүргүзүлдү, талданды*);
2. Белгисиз жак формасына өтүү (*жүргүзүштү, талдашты*);
3. Актив сүйлөмгө айландыруу (контекстке жараша).

Жаксыз сүйлөмдөрдүн семантикалык функциялары. Англис тилинде жаксыз сүйлөмдөр бир гана грамматикалык түзүлүш эмес, ошондой эле маанини уюштуруучу семантикалык механизм болуп эсептелет [14, 29-б]. Алардын негизги функциялары төмөнкүлөр:

1. Объективдүүлүк жана нейтралдуулук. Илимий жана расмий тексттерде аткаруучуну атайын жашыруу маалыматты объективдүү берет:

- *It is believed that…* - …деп эсептелет / …деп ойлонулат.

2. Жалпылоочу жана нормалоочу маани: *It is necessary to…* - …зарыл / …керек.
3. Маалыматтык уюштуруу (information structure) Англис тили маалыматты сүйлөмдүн аягына карай күчөтүп берүүгө умтулат, ошондуктан формалдуу субъект сүйлөмдүн түзүлүшүн тең салмактайт.

Кыргыз тилине которуудагы негизги трансформациялар. Англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которууда структуралык айырмачылыктардан улам түз, сөзмө-сөз которуу дайыма эле ылайыктуу боло бербейт [12, 11-б]. Ошондуктан котормодо төмөнкү негизги ыкмалар колдонулат:

- Транспозиция жана структуралык өзгөртүү

Бир грамматикалык модель экинчисине алмашып берилет. Бул ыкма котормо теориясында трансформация катары белгилүү (мисалы, Вине жана Дарбельне моделинде “transposition”).

It is easy to understand. – Түшүнүү оңой.
It is necessary to study. – Окуу зарыл.
It is difficult to explain this topic. – Бул теманы түшүндүрүү кыйын.
It is important to follow the rules. – Эрежелерди сактоо маанилүү.
It is impossible to solve this problem. – Бул маселени чечүү мүмкүн эмес.
It is useful to read every day. – Күн сайын окуу пайдалуу.

Модуляция – котормо процессинде маани негизинен сакталган бойдон, бирок сүйлөмдүн логикалык багыты, семантикалык басымы же көз карашы кыргыз тилинин табигый нормасына ылайык өзгөртүлүп берилиш ыкмасы [8, 4-б]. Англис тилинде көп учурда ой формалдуу субъект (*it*) аркылуу, же пассив/объективдүү баяндоо аркылуу түзүлөт. Кыргыз тили болсо сүйлөмдү көбүнчө жандуу сүйлөм курулушу менен, белгисиз жак формасы, жалпылоочу сүйлөм, же айтуу формасы аркылуу берет. Ошондуктан модуляция котормодо текстти “түз которбой”, кыргызча ой жүгүртүүгө ылайыктап берүү үчүн колдонулат.

Мисалы: *It is said that he will come – Ал келет дешет.* Бул жерде англис тилиндеги “бирөөлөр айтып жатышат” мааниси *it is said* деген формалдуу түзүлүш менен берилсе, кыргыз тилинде ошол эле маани **“***дешет***”** деген белгисиз жак формасы аркылуу табигый которулду.

It is believed that this method is effective – Бул ыкма натыйжалуу деп эсептелет.
(“it is believed” “деп эсептелет”: объективдүү форма кыргызчага ыңгайлашты)

It is known that English is an international language – Англис тили эл аралык тил экени белгилүү. *(Логикалык борбор өзгөрдү: “it is known” “белгилүү”)*

It is expected that the results will improve – Жыйынтыктар жакшырат деп күтүлүүдө.
(англисче конструкция кыргызча “деп күтүлүүдө” формасы)

It is assumed that the experiment was successful – Эксперимент ийгиликтүү болду деп болжолдонууда. *(assumed - болжолдонууда: кыргызча аналитикалык конструкция)*

It is reported that the company has launched a new product – Компания жаңы продукт чыгарганы кабарлануууда. *(reported - кабарлануууда; сүйлөмдүн логикалык түзүлүшү кыргызчага ылайык өзгөрдү).*

Кыргыз тилине которууда англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр белгисиз жак формасы аркылуу да которулат. Англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрүн кыргызчага которууда белгисиз жак формасы: маанини жоготпойт, расмий стилди сактайт, логикалык субъектти атайын жашырып берет. Мисалы, англисче сүйлөмдө: *It was decided…* кыргызча *чечилди* деп берилип, “ким чечти?” деген суроо маанилүү болбой калат.

It was decided to start the project – Долбоорду баштоо чечилди. Ким чечкени айтылбайт, сүйлөм расмий жана нейтралдуу.

It was reported that the results were positive – Жыйынтыктар оң болгону кабарланды. “Кабарланды” формасы субъектти көрсөтпөй туруп маалыматты берет.

It was suggested to change the schedule – Расписаниени өзгөртүү сунушталды. Сунуш кимден чыкканы айтылган жок – белгисиз жак.

It was announced that the meeting would be held online – Жыйын онлайн өтөрү жарыяланды. Расмий кабар формасы – кыргыз тилинде эң кеңири колдонулган модель.

It was agreed to sign the contract next week – Келишимге кийинки жумада кол коюу макулдашылды. Бул жерде макулдашкандар айтылбай, жалпы чечим катары берилет.

Белгисиз жак формасы аркылуу берүү ыкмасы англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн (өзгөчө *It was decided / It was suggested / It was reported* сыяктуу конструкциялардын) кыргыз тилине которулушунда эң табигый жана функционалдуу жолдордун бири болуп саналат. Бул ыкмада сүйлөмдүн логикалык агенти көрсөтүлбөй, иш-аракет же абал гана предикат аркылуу берилет [7, 27-б]. Натыйжада текст расмий-илимий стилде объективдүү угулат жана сүйлөмдүн коммуникативдик максаты сакталат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде белгисиз жак формасы аркылуу которуу ыкмасы англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которууда эң функционалдуу жана стилистикалык жактан ылайыктуу ыкмалардын бири болуп саналат. Бул ыкма сүйлөмдүн структурасын кыргыз тилинин ички грамматикалык нормасына ылайыктап, сүйлөмдөгү негизги маалыматты (иш-аракетти, натыйжаны, фактты) биринчи планга чыгарат жана англис тилиндеги жаксыз конструкциялардын коммуникативдик функцияларын – объективдүүлүк, формалдуулук, жалпылоо жана субъектти нейтралдаштырууну – кыргыз тилинде толук кандуу берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр структуралык жактан формалдуу субъект (it, there) жана пассивдүү моделдер аркылуу уюшуп, семантикалык жактан объективдүүлүк, жалпылоо, агентти

нейтралдаштыруу жана расмий-илимий стиль түзүүгө кызмат кылат. Мындай конструкциялар англис дискурсун түзүүдө маалыматты стандарттуу формада уюштуруп, сүйлөмдүн коммуникативдик өзөгүн (негизги маалыматты) логикалык жактан басымдуу бөлүккө жылдыруу функциясын да аткарат.

Кыргыз тилине которууда болсо бул конструкциялар түз көчүрүлбөстөн, тилдин синтаксистик табиятына ылайык кайра уюштурулуп берилет. Кыргыз тили сүйлөм түзүүдө предикатка таянган жана көп учурда субъектти ачык көрсөтпөй да ойду так жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берген система болгондуктан, англис тилиндеги жаксыз конструкциялар кыргыз тилинде көбүнчө белгисиз жак формасы, пассив мүчөлөрүнүн (-л/-н) жардамы, жалпылоочу жана баалоочу конструкциялар, ошондой эле контексттик калыбына келтирүү жолу аркылуу эквиваленттүү берилет. Натыйжада котормодо сүйлөмдүн расмий стили сакталат жана билдирүүнүн прагматикалык багыты бузулбайт.

Котормо процессинде транспозиция, модуляция, ошондой эле контекстке таянган грамматикалык-семантикалык өзгөртүүлөр негизги стратегиялар катары аныкталды. Мындай трансформациялар англис тилиндеги формалдуу субъекттин функционалдык мүнөзүн кыргыз тилинин нормалары менен шайкеш келтирүүгө шарт түзөт. Айрыкча пассив конструкцияларды которууда “пассив маанини сактоо”, “белгисиз жак аркылуу берүү” жана “актив сүйлөмгө айландыруу” ыкмаларынын тандалышы сүйлөмдүн стилистикалык түрүнө жана коммуникативдик максатына жараша ишке ашаары белгилүү болду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которууда негизги талап катары маанинин эквиваленттүүлүгүн гана эмес, ошол эле учурда стилистикалык шайкештик менен дискурстук функцияны сактоо зарылдыгы көрсөтүлдү. Анткени жаксыз сүйлөмдөрдүн туура которулбашы тексттин расмий-илимий табиятын бузуп, мазмундун объективдүү берилүүсүнө тоскоолдук жаратышы мүмкүн. Ошондуктан котормочу сүйлөмдүн түзүлүшүн гана эмес, анын артындагы прагматикалык ниетти (эмне үчүн агент көрсөтүлгөн жок?) туура түшүнүүгө тийиш.

Бул изилдөөнүн натыйжалары англис-кыргыз котормо практикасында, өзгөчө илимий макалаларды, расмий документтерди, маалыматтык билдирүүлөрдү жана укуктук-административдик тексттерди которууда жаксыз сүйлөмдөрдү туура берүү үчүн методикалык негиз катары колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле алынган тыянактар англис жана кыргыз тилдеринин салыштырма синтаксисин окутууда, котормо таануу предметин үйрөтүүдө жана практикалык тапшырмалар үчүн үлгү материал катары кызмат кыла алат. Мындан аркы изилдөөлөрдө жаксыз сүйлөмдөрдүн кыргыз тилиндеги варианттарынын стилистикалык айырмачылыктарын, ошондой эле көркөм жана сүйлөшүү дискурсундагы котормо өзгөчөлүктөрүн кеңири талдоо актуалдуу болуп саналат.

Практикалык сунуш катары, англис тилиндеги жаксыз сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которууда төмөнкү принциптерди эске алуу сунушталат:

1. Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүн эмес, анын коммуникативдик функциясын (объективдүүлүк, жалпылоо, формалдуулук) биринчи орунга коюу;
2. Расмий жана илимий тексттерде агентти атайын көрсөтпөө зарыл болгон учурда белгисиз жак формасын жана пассив мүчөлөрүн (-л/-н) активдүү колдонуу;
3. Кыргыз тилинин табигый нормасына ылайык сүйлөмдүн логикалык өзөгүн туура жайгаштыруу үчүн контексттик адаптация жана модуляция ыкмаларын колдонуу;
4. Өзгөчө “it is believed / it is said / it was reported” сыяктуу конструкцияларды которууда “деп эсептелет/деп айтылат/кабарланды” үлгүлөрүн тандап, сүйлөмдүн стилистикалык бейтараптуулугун сактоо.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Акматова С. Кыргыз тилинде жаксыз сүйлөмдөрдүн синтаксистик өзгөчөлүктөрү / Иликтөө журнал. – 2022. – № 4. – С. 45-52.
2. Асанов Ж. Котормо процессинде структуралык трансформациялар / Филологиялык изилдөөлөр. – 2023. – № 2. – С. 12-20. Асанова К. Классификация безличных предложений и их семантические особенности / Филологические науки: теория и практика. – 2021. – № 3. – С. 34-40.
3. Андашова Р.М., Гадаева А.У. // Фразовые глаголы как средство выражения коммуникативного намерения в англоязычных фильмах // Вестник КГУ им. И.Арабаева 2025, №4/2 – С. 457-465.
4. Улазаева Г.В. Слова категории состояния в составе личного или безличного предложения (на материале русского и бурятского языков) // Вестник БГУ. Философия. – 2016. – №5. – С. 3-11. (journals.bsu.ru)
5. Чиманова Ж.Ж. Структурно семантические особенности глаголов речи в английском и кыргызском языках. – Бишкек: Bilim AKIpress, 2015. – 124 с. (bilim.akipress.org)
6. Эрмекова Т. Кыргыз тилинде англисче жаксыз сүйлөмдөрдү которуудагы трансформациялык ыкмалар / Филологиялык изилдөөлөр. – 2022. – № 5. – С. 22-29.
7. Aktaş R. Structural and semantic features of impersonal sentences in teaching Russian as a foreign language / International Journal of Language Literature and Culture Researches. – 2023. – Vol. 6, Issue 1. – P. 19-30. – DOI: 10.37999/udekad.1241873. (dergipark.org.tr)
8. Cognitive Approaches To Understanding Impersonal Sentences In English / Journal of Pedagogical Inventions and Practices. – 2025. – Vol. 43. – P. 1-5. (zienjournals.com)
9. Definition Of Impersonal Sentences In English / Journal of Pedagogical Inventions and Practices. – 2025. – Vol. 51. – P. 1-3. – DOI: 10.62480/jpip.2025.vol51.pp1-3. (zienjournals.com)
10. Different Approaches to Understanding Impersonal Sentences in English / American Journal of Language, Literacy and Learning in STEM Education. – 2025. – Vol. 3, № 3. – P. 178-183. (grnjournal.us)

11. Metodika raboty nad bezlichnymi predlozheniyami pri izuchenii sintaksicheskikh osobennostey nauchnogo stilya rechi studentami-kazahami / Нижневартовский филологический вестник. – 2025. – Том 10, № 1. – Саньярова Н.С., Таттимбетова К.О. – DOI: 10.36906/2500-1795/25-1/05. (journals.rcsi.science)
12. Normuminova X. Strukturnye osobennosti bezlichnykh predlozheniy v anglijskom i russkom yazykah / Pedagogika i psikhologiya v sovremennom mire: teoreticheskie i prakticheskie issledovaniya. – 2025. – №1. – P. 7-15. (zienjournals.com)
13. Sova L.Z. Struktural'no-syntagmaticheskij invariant // Acta linguistica XXI. – 2021. – Vol. 3-4. – P. 54-60. (ru.wikipedia.org)
14. Shalyapina Z.M. O sposobah vyrazheniya semanticheskih parametrov v anglijskom yazyke // Mashinnyj perevod i prikladnaya lingvistika. – 2007. – P. 21-33. (ru.wikipedia.org)

Рецензент: кандидат филологических наук, и.о. доцента Андашова Р.М.